**И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№8 ПРОТОКОЛУ**

Бишкек ш. 26.04.2023- ж.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы** **М.К.Чыныбаев**

**Окумуштуу катчы** **Б.Э. Таштобаева**

**Катышышты:** Окумуштуулар кеңешинин 63 мүчөсүнүн ичинен 57 мүчөсү (курамдын 90,48%).

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. И Раззаков атындагы КМТУнун эл аралык байланыштарынын жыйынтыктарын окуу-илимий ишмердүүлүктө өнүктүрүү тууралуу **(Кошоева Б.Б., Чымыров А.У.)**
2. И. Раззаков атындагы КМТУнун финансылык-чарбачылык ишмердүүлүгүнүн абалы тууралуу **(Асиев А.Т.)**
3. И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалынын финансылык-чарбачылык, окуу, окуу-методикалык, илимий, тарбия иштердин жана мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн абалы тууралуу **(Торобеков Б.Т., Ниязов Н.Т.)**
4. Конкурстук шайлоолор
5. Ар түрдүү маселелер

5.1. И Раззаков атындагы КМТУда профессор Ш.А.Мамбетов атындагы “Геоквантум” атындагы илимий-техникалык борборун түзүү жана Уставын бекитүү тууралуу **(Абдиев А.Р.)**

5.2. И.Раззаков атындагы КМТУнун Технопаркынын Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу **(Дуйшеналиева А.Дж.)**

5.3. И.Раззаков атындагы КМТУнун эндаумент фонду жөнүндө жобону бекитүү **(Сыдыков Ж.Д.)**

5.4. И.Раззаков атындагы КМТУнун С.Жусуев атындагы мамлекеттик тил борборунун Жобосун бекитүү **(Жумакадырова К.М.)**

5.5. И.Раззаков атындагы КМТУнун лицейинин Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу **(Иргебаева М.Н.)**

5.6. И.Раззаков атындагы КМТУнун кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын сыйлыктарына көрсөтүү тууралуу **(Сыдыков Ж.Д.)**

5.7. И.Раззаков атындагы КМТУнун кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сыйлыктарына көрсөтүү **(Сыдыков Ж.Д.)**

5.8. Кыргыз Республикасынын Улутттук илимдер академиясынын Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтунун профессору, т.и.к. К.Т.Тажибаевге И.Раззаков атындагы “КМТУнун Ардак профессору” наамын ыйгаруу тууралуу **(Сыдыков Ж.Д.)**

5.9. Изденүүчү Г.Т.Орузбаеванын доктордук диссертациясынын темасын жарым-жартылай өзгөртүү **(Джусупова М.А.)**
5.10. Изденүүчү А.М.Чандыбаеванын кандидаттык диссертациясынын темасын жарым-жартылай өзгөртүү **(Джусупова М.А.)**
5.11. Т.Р.Кошоеванын «Scientific and practical aspects of yak meat processing» монографиясын басып чыгарууга сунуштоо (**Асаналиева Э.У.)**

**Куттуктоолор**: **Юбилей менен:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Алишеров А | профессор | каф. «ПМИ» | 22.04.1948 | 75 |
| Иванова И.С. | зав.лаборат. | каф «ВНРиГ» | 27.04.1953 | 70 |
| Давлятова Б. | доцент | каф. «ИСЭ» | 10.04.1953 | 70 |
| Пироженко О.В. | библиотек. | НТБ | 22.04.1963 | 60 |

**КР ЖАКтын дипломдору, аттестаттары менен:**
Сасыкеев У. Т. – арх.канд.
Сандыбаева А.Р. – т.и.к.
Байболотова Б.Б. – пед.и.к.
Карагулова М.К. – доцент окум. н.
Акпаралиев Р.А. – доцент окум. н.
Шакеева Н.М. – доцент окум. н.
Конушбаева А.Т. – доцент окум. н.

**1- даражадагы диплом менен:** Адышев Сатый.

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ф-м.и.к., доцент М.К.Чыныбаевди: күн тартиби жана жыйындын регламенти тууралуу: жыйынды конкурстук шайлоолордон баштоону, негизги суроолору боюнча сүйлөгөнгө 15 мүнөт, ал эми талкуулоо боюнча сүйлөгөндөргө 5 мүнөттөн берүүнү сунуш кылды.
**Токтом кабыл алынды:** күн тартибин жана жыйындын регламентин бекитүү (бир добуш менен кабыл алынды).

**Угулду:** Конкурстук шайлоолор боюнча АР проректору, конкурстук комиссиянын төрайымы Р.Ш.Элеманованы: КМТУнун профессордук-окутуучулук курамынын бош орундарына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясына окумуштуулук наамдарга сунуштоо үчүн конкурстук шайлоого катышып жаткан окутуучулардын тизмеси жана Конкурстук комиссиянын чечимдери менен тааныштырды (тиркелди).

1. “Энергетика” адистиги боюнча доценттик окумуштуулук наамына сунуштоо үчүн конкурска катышууга “Энергиянын калыптанма булактары” кафедрасынын доценти, т.и.к. **Медеров Таалайбек Тынычтыкович** көрсөтүлсүн.

**Суроолор:** жок.
**Бир добуштан токтом кабыл алынды:** ачык добуш берүүнүн натыйжасында т.и.к. **Медеров Таалайбек Тынычтыкович** жашыруун добуш бюллетенине киргизилсин.